Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# ДИН ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Док.Масиралиев Ш.П

**Özet**

Dünyanın küreselleşmesiyle birlikte farklı kültürlere ait toplulukların bir arada yaşadıkları görülmektedir. Toplumsal iletişimin sağlıklı gelişmesi için, her bir kültürün geleneklerinin olabildiğince rasyonelleşmeye ihtiyacı var. Bu amaç doğrultusunda geliştirilen felsefi doktrinler sayesinde insan topluluklarının hem kendi kültürlerini anlamaları hem de günümüz şartlarına ayak uydurmaları gerekmektedir. Dolaysıyla, ortaya çıkan seküler veya tanrı merkezli toplulukların hatta toplumların sağlıklı bir toplum modeline olan ihtiyacı da ortaya çıkmaktadır.

**Anahtar Kelimeler:** Epistemoloji, ontoloji, varlık,uluhiyet, sudur.

**Кудай маселесинин жалпыланышы.**

Кудай маселесинин мындан дагы, түшүнүктүү болуусу үчүн, алгач Кудай деген эмне? маанисин аныктап алуу зарыл. «Кудай барбы?» «Кудайга ишенебизби?» деген сыяктуу суроолорго жооп берерден мурда, адамдын Кудай дегенибизде эмнени түшүнгөндүгүн белгилеп, аныктап алуубуз керек. Себеби Кудай барбы? -деген суроонун жообу, Кудай сөзүнүн берилген мааниси менен байланыштуу. Бул жерде маани бериле турган башка чекит болсо, Кудай жөнүндөгү теисттик да, атеисттик да талкуулорду ичине камтыган айырмачылыктарынын ыктымалы бар. Мисалы: «Кудай бар жана Кудай жок» көз карашына ээ болгон, эки адам ортосундагы диалог, кандайдыр бир убакта дүлөйлөрдүн диалогуна айланган. Себеби алар, «Кудай» сөзүнө окшош маанини жүктөшкөн

эмес.Ынанган жана ынанылган же болбосо объект жана субъекттердин эпистемологиялык статусу жөнүндө кеп салуу негизинен төмөндөгүдөй[1].

Ишенүү, иман түшүнүктөрдүн эпистемологиялык анализине киришүү аракеттин өзүн; түшүнүктүн уруу жана түрүн түзгөн аныктамалардын кандайча пайда болгондугун жана келип чыгуусунун ачык -айкын көргөзүп тургандыгы. Андан соң, түшүнүктү аныктоодо кандай жаңы терминдин колдонулгандыгын көрсөтүү. Ошондой эле, аныктама тең өлчөмдүүлүк мыйзамына канчалык баш ийгендигин байкоо,аныктоочу түшүнүктүн аныкталуучу түшүнүктүн көлөмүнө барабар болбогондугу сыяктуу логиканын негизги операциялары түзөт.Маселенин чечмеленүүсү кээ бир учурда же субъектке же болбосо объектке тиешелүү болуусу мүмкүн же экөөнүн ортосундагы мамилеге көз каранды. Субъект деп жалпысынан сезим баскычтарга ээ болгон, анын ичинен туюм, кабылдоо, элестетүү, абстракциялоо жөндөмдөргө ээ болгон адам баласы. Объект ишенилген нерсе формасында болуп, кээ бир учурда адамга көз карандысыз, кээ бир учурда көз карандуу формада жашаган категория.

Эмесе, субъект жана объектин байланышында таанып билүү, кабылдо, каалоо,иш жүзүнө көрсөтүү, аркылуу ишке ашуу жөнүндө кеп козголот.Ынануу субъектин каалоо, арзуусунун негизинде кандайдыр бир зордук -зомбулуксуз ишке ашканы байкалууда. Жалгыз адамдын каалоо, кабылдоо, ишке ашыруу жөндөмдөрү ыйман болуп эсептелбейт, ар бир түшүнүк бири- бирине көз каранды. Эгерде ыйман компоненттерди түзгөн бул жагдайлардан түшүнүктөрдөн бирөөнө көбүрөөк басым

---

[1] Prof.Dr. M.S. Aydin ,**Ankara Ü. İlahiyat Fak. Dergisi**; Cilt: XXIV , 1981, 189 vd. Hanifi Ozcan, *Epistemolojik Acıdan İman*, İstanbul: Marmara Universitesi İlahiyat Fakultesi Vakfı Yayınları, 1997, s 33.

жасалса, анда түрдүүчө ишеним системаларга жол ачылышы мүмкүн. Тарых булактары бул темада бай. Субъект жана объектин дагы бир эпистемологиялык өзгөчөлүк катарында бир -биринин мөмөсү эмес, башкача айтканда адамдын субъект болуусу акы - эсинин толуктолуусунан кийин ишке ашат. Бул темада адамдын аң- сезиминин калыптануу этаптарын камтыган медициналык психологияда, жана жалпы психологияда кеңири маалымат орун алган Анда эмесе, кандайдыр бир ынануу болгон жерде субъект жана объектин мамилеси болгондугундан кабар берет, же агностик же атеистик мамиле же болбосо теистик жагдай болушу мүмкүн.

Субъект жана объектин мамилесинде онтологиялык өзгөчөлүк эске алынуу менен алгачкы жагдайды объект ээлейт. Бирок объектин онтологиялык алгач болуусу кандайдыр бир ынанууда объективдүүлүктү жаратпайт. Натыйжада, жалпысынан төмөндөгүдөй көрүнүш ортого чыгат. Объект ар дайым субъектке көз каранды

**Кудай проблемасынын ортого коюлушу. Психологиянын таасирлери**

Азыркы XXI кылымдын экинчи жарымында, Кудайдын бар болуу проблемасы ушундай формада ортого коюлган. Аалам бир машина эмес. Аалам убакыт ичинде болгон, артка кайтарууга мүмкүн болбогон бирдик болуп саналат. Дүйнө убакыт ичинде болгон эпигенетикалык, мындайча айтканда, ар дайым жаңы форманы таап турган бир система. Дүйнө бул абал менен байланыштуу болуп, өзүндө майданга чыккан жана өзүн дагы да бийик бир аралашуу даражасына жеткирген жаңы формаларды иштеп чыгуулары, жалгыз болуп бир гана өзү менен аныктап, ачыктап бере албайт.

Ааламдын эң биринчи башталыш проблемасын бир четке алып таштасак деле аалам, эч бир өзүндөн мурун келген тарабынан аныкталуусу мүмкүн болбогон, бир көрсөтүү болумуш башталуусунан пайда болууда. Ааламда алгач келген, кийинки келгенди аныктап берүүдө, убакыт ичинде жаңы формалар пайда болууда.

Андай боло турган болсо, ааламдын өзүнүн үстүндө жабык жана өзүнө гана жетиштүү бир система болгондугун кабыл кылуубуз керек эмеспи? Анын үзгүлтүксүз жаратуучу жаңы формаларды алгандыгын кабыл кылуубуз керек эмеспи? Дүйнөдө ортого чыккан, бирок дүйнөнүн өзү болбогон бул жаңы форманы ишке ашыруунун жаңы булагы «Кудай» десек жаңылышпайбыз.

Аристотельдин аныктамасы сыяктуу, сезимтал бир нерселери болбогон, дагы да белгилүү бир терминди кабыл алсак болот. Бирок абал өзгөрбөйт. Объективдүү катарында жаратуучу мыйзам ааламды, тажрыйбалуу түрдө миллярддаган жылдан бери жашап уланып келген ааламды өзүбүз менен баш аламандыкка түшүрбөй туруп, өз жайына коюубуз керек, башкача айтканда туура анализдөө зарыл. Ал жападан жалгыз болумуш же көз карандысыз маанидеги болумуш боло албайт. Атеизм, ааламдын өзүнө өзү жетиштүү болгондугун жана сырттан кандайдыр бир формаларды албагандыгын жана дегеле аны таанытуу үчүн анын бир болуусун алдыга койгон философия. Эмпледоктун он жетинчи фрагментинде айткандыгы сыяктуу « Эгер ал жападан жалгыз нерсе болгон болсо, ал бийиктикке жетүүнү кайдан алат?».

Андай болсо, атеизмди ойлоно билүү үчүн, ааламдын сырттан кандайдыр бир чыныгы жаңы формаларды албаган, артка кайтарууга мүмкүн болбогон, ааламдын ичинде боло албаган, өзүндө бир азюуунун да болуусу мүмкүн болбогон, башталышы

жана аягы жок, бир системанын болуусу зарыл. Парменидестен кийин Эмпледок муну айтып өткөн.

«Аалам болгондугу үчүн, ортодон чыгып кете албайт».

Муну менен бирге, айрыкча эмприкалык билимдер, бизге ааламдын үзгүлтүсүз формаларды алып жаткандыгын анын бир система болгондугун жана физикалык, биологиялык же болбосо интеллектуалдык бир системада мындан кийин жаңы форманы иштеп чыгуу абалы болбогон учурда, системанын бузулууга, айрылууга чечилүүгө жана аягында жок болуп кетерине күбө болорубузду белгилеп кетет.

Андай болсо, атеизм дайыма ортодо пайда болгон нерселерди жана жаратылууну четке кагууга аракет жасоодо жана муну да тайманбай жасап келүүдө. Себеби, ал пайда болуп келе жаткан дүйнөнү ойлонуудан алыстап, ага ачык түрдө бар болгон жана стабилдүү бир дүйнө керек. Аалам дегенибизде болууну, азюуу же көбөйүүсүн ичине камтышы керек.

Атеизмдин мүмкүн болуусу үчүн, үзгүлтүксүз пайда болуп жаткан жаратылыштын болбоосу зарыл. Башы жана аягы болбогон жана жаратылбаган экендиги аныкталган табиятта болуп, бизге берилүүсү керек. Атеист пайда болуу, жаралуу аалам окуясын кабылдабайт. Ал мүмкүнчүлүгү болгон бүтүн каражаттар менен бул нерселерди четке кагууга же болбосо жашырууга аракет жасайт. Бирок, бул жолго барган учурда дагы да аз ийгиликке жеткен болот. Себеби, жаралуу тарыхы менен байланышкан материал, жарык бир формада бул жаңылануунуу, мурунтан баштап үзгүлтүксүз богон жаңылануунун көрүнбөгөндүгү сымалдуу пайда болушун көрсөтүүдө.

Кудай барбы? Ишенимдүү же ишенимсиз болушкан, бүгүнкү адамдар тушундагы адамзат далилдер менен жооп берүүнүн ордуна, изилдөөнү

каалашкан, бул изилдөөнүн булагында психологиялык, биологиялык, коомдук мотивдердин болуп-болбогондуктарын ортого коюп, бул мамилени кандайдыр кыйыр жол менен чиритүүгө аракет кылууда. Бул системага жалпылап психология деп айтуута болот.

Бул система жаңы эмес, айрыкча дин жана этиканы, моралды, ахлактык нормаларды жаючулар тарабынан ар дайым жасалып келген. Түздөн- түз ишенимсиз адамдын далилдерин талашып-тартышуунун ордуна, ага ушундай деп айтылган: Сиз текеберлигиңзден улам Кудайга ишенүүдөн баш тартып жатасыз, сизден улуу жана өзүнө баш ийдирген бир нерсени кабыл кылууну каалабай жатасыз.

Бул тартышуу усулу, Кудайды тааныбагандар тарабынан да окшош түрдө колдонулат. Нитченин Христиандыкка жанаштырган изилдөөсү буга мисал боло алат. Анын оюу боюнча Христиандар бул дүйнөдөгү бактысыздыктарынын кыжаалатынан улам, дал ушундай бул жашоодо кулдар сыяктуу өздөрүнө тигил дүйнөнү жаратышкан. Алар чыныгы баалуулуктарга мырзалардын жана күчтүүлөрдүн баалуулуктарына катыша албагандыктарынын унутуу «Бул дүйнөгө атайын күнөө жүктөп, аны кирдетүү үчүн башка дүйнөнү жаратып алышкан». Истинктеринин кемчиликсиз формада ырахат алуусу үчүн, башкача айтканда, ырахаттануу маанисине келген дүйнө кызыкчылыгынан үлүш албагандыктары үчүн «күнөө» түшүнүгүн ортого коюшкан.

Диндик мамиле психосоциологиялык изилдөөсүн баштаган болсо, Людвиг Ферберх, Гегельдин белгисиз темасын, материалисттик бир перспективага айландырган. Гегельдин көз карашы боюнча, Идея ( Апсалюттук Дух) өзүн-өзү жашырат дейт. Өзүн-өзү так түрдө көрсөтүүдөн мурун, тарыхта өзүн-өзү өтүп

кетүүчү кылып көрсөтөт. Ал эми Фейрбахтын көз карашы боюнча мунун дал тескериси болуп саналып, бул дүйнөдө ишке ашыра албаган адилет түшүн өзүнөн айырып, өзүнө жапайылаштырып, жер жүзүнө чагылдырган инсан болуп саналат.[2]

Гегельдин окуучусу Фейрбах Дин атындагы бир китеп жазып жана Христиандыкты өзүнүн киришүүсүндө дал ошондой баш сөздүү бир бөлүмдү жазган. Фейрбах бул жерде көз карандысыздыктын жана закондун, диндин жана Теңирдин бирден бир өлчөмү жана жаратуучусунун инсан болгондугун белгилеп өтөт. Анын пикири боюнча, Теңир ишеними адам каалоо жана идеялардын Теңир түшүнүгүнө чагылдырылуусу менен пайда болгон.

Адилеттүүлүк, сүйүү, артыкчылык адамдын таанып билүү өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Алар «фантастикалык» бир түрдө инсандык идеялардын Кудайга чагылдырылганы болуп эсептелет. Бул маселеде Фейрбах «Теңирлер адамдардын ишке ашырылган арзуулары (каалоолору) деп айтат жана Маркстын таң калган дал ушул сүйлөмдөрдү улап өтөт: «Кедей бир адамдын, бай бир Теңири бар, кыскасы бул мааниде Теңир кыялдануу, бир чындык менен айтканда негизги өзүнө тиешелүү болгон бир нерсенин колунан алынгандыгы адамдын элестетүүсүнүн чагылдырылгандан башка эч нерсе эмес. Андай болсо Теңирди жана аркы дүйнөнү четке кагуу, адам үчүн өзүнүн мал дүйнөсүнүн жаңыдан өз колуна алгандыгынан башка эч нерсе болбой калат.

Маркс, Фейрбахтын көз караштарын колдоо менен аны ачыктоого жеткирет. Дүйнө үстүндө адамдын, адамды саткындык кылуу менен же болбосо инсандык чектен ашуу менен мамиле кылуу адамдык баалуулуктар бут астында калып кеткен. Дал ушул

[2] Feuerbach P. Masterson, Atheism a d Alineation, (Plican Books)

убакта бул баалуулуктар, диндик мифтер формасында жер жүзүнө чагылдырылган. Маркстын пикири боюнча «ахлак жана дин идеялогиянын жогорку деңгээлдин бир бөлүгү» болуп саналат. Мунун себебин Маркс ушундайча баяндап берет. «Дин калктын апийими, жүрөксүз бир дүйнөнүн жүрөгү.» Чектен ашкандар, жер жүзүндө чектен ашкан инсандардан алган нээматтарды аларга аркы дүйнөдө убадалашат.

**Кудайдын бар болуусу**

Кудайдын бар болгондугу тууралу аргументтер белгиленип, ар түрдүү талаш тартышууларга орун берилет жана Кудайга ишенбегендердин бул талашууларга таянткан изилдөөлөрү колго алынат.

**Ааламдын себеби катары Кудай**

Бул талашуу эки формада алдыга коюлган же Кудайдын окуяларынын акыркы себеби катары Аристотелдин «Ааламдын эң биринчи кыймылга келтирүүсү» катары баяндалат. Алгачкы талашуунун аныктамасы төмөндөгүдөй формада талдоого болот. Ар бир окуянын бир себеби бар. Бул себептин да бир себеби бар. Бул акыркынын да башка себеби бар. Бирок, бир чекитте туруп, бул окуянын эң алгачкы себебин кабыл кылуу керек. Бул болсо Кудай.

Ал эми экинчи талашуунун аныктамасы ушундайча: Ааламда кыймыл бар. Кыймылга келтирүү бир нерсени кубаттуу абалында кыймыл аракетке келтирүү болуп саналат. Кыймылда болгон молекула, кыймылын бир башка нерсеге өткөрүп берет. Бирок, башында бир кыймылдын булагын кабыл кылуубуз керек. Өзү бир башкасы тарабынан кыймылга келтирбеген бир алгачкы кыймыл аракетке келтирүү керек. Бул да Теңир болуп саналат.

Эки талаш-тартышууга да караганыбызда, ааламдын пайда болуусунун себеби өзү эмес. Эмне үчүн эч кандай нерсе жок эмес да, бир нерсе бар? Бул суроо философиялык жактан изилденүүсү жана соңку жооп катары берилүүсү керек болгон бир суроо болуп саналат. Теңирди ааламдын себеби катары карагандардын көз карашы боюнча, Теңир ааламдын ачыктоосун жана бар болуунун себебин өзүндө тапкан мажбур түрдө бар болгон болумуш болуп саналат. Бул чындыктарга ар түрдүү изилдөөлөр таяндырылат. Эң биринчи кыймылга келтирүү тартышуусу кээ бир адамдарга баалуулугун жоготкон сыяктуу көрүнүүдө. Бирок, XVII кылымдан ушул убакка чейин физика, нерсени башка бир түрдө колго албай жатабы? Кыймыл-аракетсиз болуу же иштетүү бир кыймылда болуу абалдарын өзгөртмөйүнчө жана башка бир фактор ишке ашырылмайынча, кыймыл аракетсиз болгон бир атомдун кыймыл- аракетсиздигин, ирettүү кыймыл аракетте болгон атомдун аракетин коргогондугун кабыл кылынат.

Андай болсо, иреттүү аракет да аракетсиздик сыяктуу табигый болбойбу?

Себептүүлүккө таянган талаш-тартыш, Кант тарабынан критикаланган акыл, себептүүлүк ойдун негизин «себептүүлүк категориясын» укуктуу легалдуу бир формада эсептөө же болбосо туура эмес болгон бир формада колдонууга болот. Мисалга алсак: темир бир таяк ысытылып жатат жана бул таякта кеңейүү болуп жатса, буларды себептүүлүк категориясы менен биргелештирүүдөн башка бир жол жок. Акыл, тажрыйба тарбынан берилген эки окуяны бири-бирине байланыштыруу үчүн себептүүлүк категориясын колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп саналат. Бирок бир жактан Канттын көз карашы боюнча акыл, Теңирди ааламдын себеби катарында көрсөткөн талаш-тартышуу

да болгондугу сыяктуу, окуялардын сыртында чыныгы тажрыйбанын сыртында пайда болгон башкача айтканда жаратуу процесстин өзү жөнүндөгү түшүнүктүү. Бир нерсени элестетүүнүн негизинде себептүүлүк категориясын туура эмес, жамандыкка колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

**Ааламдагы мыйзамдын булагы Кудай**

Жогоруда болуп өткөн нерселер, эч кандай бир максат күтпөй туруп, механикалык себептердин мажбур эмес, индетерминациялык бир биргелешүүнүн жыйынтыгы боло алабы? Дүйнө, эң жогорку зээндин (акылдын) ачылышы сыяктуу көрүнбөйбү? Бул жердеги кеп талашуу жана башка ушуга окшогон бир канча суроого берилген жоопту камтыйт. Математиктер, теориялык жактан бүтүндөй биригүүнүн мүмкүн болгондугун же кандайдыр бир биригүүнүн пайда болуусун айта алышат. Мисалы: кандайдыр бир жаныбардын бир түрү кокустук менен тамгаларды басуу ирет менен чыгарманын аталышын жаңыдан жаза алат. Бирок, бул теориялык мүмүкүнчүлүк, практикада мүмкүн эмес. Андай болсо, дүйнө жүзүнүн тартиби, окуялардын бар болуусунун шарттары бир максат тууралуу ортого топтогон акыл ээси бир алгачкы себептин бар болуусун зарылдайт.

Кеп болуп жаткан далил, ар бир организмдин ички түзүлүшү боюнча байланышкан жана тартиптүү болгондугун айтуу менен чектелип калбай, ошол эле учурда сырткы максаттын бар болгондугунан да белги берүүдө. Ааламдын бүтүн кеңдигин бири-бири үчүн жаратылган. Дагы да белгилүү кылып айтсак, ар бир нерсе, жаратылуунун себеби болгон, адам үчүн жаратылган. Андай экен, бул талашуу, бир гана ааламдын белгилүү бир планга жараша

тартиптелгендигин эмес, бул тартиптин туура жана жакшы болгондугун эсепке алуу болуп саналат.

Бирок, кээ бир ойчулдар бул ааламдын анчалык да жакшы бир жер болгондугу жана ааламдын табигый сактыктар, оорулар, жамандыктар менен кемчиликтүү болгондугун айтышат. Табиятта азап жана тартипсиздик жокбу? Эгерде гүлдөр көздөрүбүздү таасирлентип, бизди өздөрүнө тартуу үчүн бар болсо, анда оору, азап жана өлүм берген вирустар эмне үчүн бар? Б Көпчүлүктүн көз карашы боюнча, Теңирдин бар экендигине ишенүү эң чоң карама-каршылык жамандыктын бар болгондугунан улам келип чыгат десек болобу? Же болбосо дүйнөдө бар деп эсептелген жамандык канча эсепте? Дүйнөдөгү жакшылыкка салыштырмалуу эсептөөгө болобу?

Жалпылап айтканда, жамандык проблемасы, Девид Юмдун формалаштырылган түрү менен айтууга болот. Же Теңир баардык каалаганында, жамандыкты ортодон алып таштайт эле. Демек, бул нерсени каалаган эмес, андай болсо ал бүтүндөй жакшы эмес, же болбосо, Теңир ар түрдүү жамандыкты ортодон алып таштоону каалаган. Эгерде бул нерсени кылбаса, бул абалда Теңирдин жамандыкты ортодон алып таштоого күчү жетпейт дегенге болот. Дүйнөдө жамандык болгондугуна караганда, Теңир бир эле убакта кантип бүтүндөй чексиз даражада жакшы, бүтүндөй чексиз даражада күчтүү болушу мүмкүн?[3]

Теологдор Теңирди бул диллемадан, башкача айтканда күчсүздүк жана жаман ниеттүүлүк табаятынан куткарууну каалаган. Жыйынтыгында, теологиялык теориялар иштелип ортого чыккан. Спинозанын пикири боюнча адамдар табиятта жолугушкан кыйынчылыктар

---

[3] Батин В. Н. Категория счастья в этике Юма // XXV Герценовские чтения. Научный атеизм, этика, эстетика. — *Л.*, 1972.
Михаленко Ю. П. Философия Давида Юма — теоретическая основа английского позитивизма XX века. — М.,1962.

жана жамандыктардын алдында, бул нерселердин өзүнөн-өзүнчө майданга келгендигин ишенбөө мамилесин көрсөткөн. Жыйынтыгында, комедиялык жолдор изделген. Адамдар туура эместиктин, ийгиликсиздиктин негизинде Теңирлердин азабын табышкан.

Адамдар бүтүндөй жаман нерселердин, Теңирлердин өздөрүнүн иштеген күнөөлөрүнө жана кылмыштарына ачууланганынан сырткары баштарына түшкөндүгүнө чечим беришкен. Мисалы: Ар күнү мени жалгандап, бир канча үлгү менен жакшылык жана жамандык, жакшы жана жаман нерселердин, диндар жана динсиз адамдардын башына эч кандай айырма кылбай туруп, келгендигин көрсөткөндүгүнө карабастан, алар бул алдына алуулардан баш тартышкан эмес.

Бул маселе мындан мурун Ыйык китеп тарабынан да күчтүү бир формада ортого коюлган. Башына түшкөн оор балакеттерден улам азапталган Аййуб Теңирдин алдында күнөө кылгандыгын жана адилеттүүлүк боюнча өз милдетин аткарбагандыгын ойлойт. Бул абалда башына түшкөн балекеттер ага (акысыз) туура эмес, уяттуу болуп көрүнүүдө. Эгерде, Теңир жакшы болсо анда жакшы адамдар эмнеге азап тартышууда?

Паскальдын көз карашы боюнча жаратуунун башындагы байланышы, тартипти бузган нерсе алгачкы күнөө, Адамдын кылган күнөөсү. Андай болсо, биз да Адамдын урпактары катары бул күнөөнүн жүгүн тартып жатпайбызбы? Бирок, бул нерсени кандай формада түшүнүүбүз керек? Эң биринчи болуп, табыйгый закондордун керектүүлүгү, өтмүштө жасалган бул жаңылыштыктын жыйынтыгына дуушар болгондугубузду ойлоно алабыз. Бирок, Теңир күнөөсүз болгон адамдын башына кантип балээ жаадыруусу мүмкүн? Андай болсо бир гана алгачкы күнөөлөрдүн

жыйынтыгы менен чектелип калбай, Адамдын өзүнүн милдеттерин да мурас катары алуубуз керек эмеспи? Паскальдын абалынан чыгуу жолу катарында сунган жоромолго караганда, күнөөлүү болуп төрөлүүбүз керек боло турган болсо Теңир заалым болуп калат. Маселенин боилогиялык жандык болгон менен руханий болгондун аралашмасындай сезилбейби.?

Жамандык чектүү бир акылдын жаңылуусубу? Теңирдин чындыктоонун алдында бир гана жол калгандай көрүнүүдө. Бул да, жамандыктын , жалгыз бир элес, адамдардын чектүү акылын алдаган бир жаңылуу болгондугун айтууда. Лейбниц муну көрсөтүүгө аракет жасаган. Анын пикири боюнча жамандык көрүнүктүү нерсе. Түпкү бир сүрөттүн рамкасындагы көлөкөлөрдүн жарыктыгынын баалуулуктарын ортого чыгаруусу сыяктуу, жамандык бир гана жакшылыктан улам бир маанини түшүндүрөт. Эгерде ааламда төп келишпестиктерди көрүп жатсак, мунун себеби, ааламдын симфониясынын баарын түшүнө албастыгыбыз болуп саналат. Жалпылап алып караганыбызда, ааламда жакшылык эгедер болуп саналат. Бир нерсени жаман катары көрүүбүз, окуянын баарына эмес да, бир гана бир бөлүгүнө такалуубуз булактанат. Августиндин көз карашы боюнча жамандык бар болуу сөзүнүн тар түшүнүгүндө бар эмес. Себеби, жамандык негативдүүлүк болуп саналат. Көрдүк (көрө ал бастык) бир жамандык, бирок, ал көрүүнүн жок болгондугу. Ошол эле учурда, күнөө эч бир убакта кылынган бир нерседе эмес, кылынбаган четке кагылган нерселер. Бул көз караш ушуну ачыктап берет; Бар болгон бардык нерсе, бар болуусу жагынан жакшы жана жаман, ар дайым бир бар болуунун жоктугу. Эгер жакшылык деген бир нерсе жок болсо, жаман деген да нерсе жок.

Макул, бул жоктуктун себеби эмнеде? Бар болуунун маңызындагы бул кемчилик, бул боштук эмне үчүн? Пантеисттик системанын ичинде бул суроого жооп берүү мүмкүн эмес. Жаратуучулук доктрина ичинде мунун жообу бар. Дүйнө Теңир эмес, ал жаратылган. Бул анын чеги боло тургандыгы, ичинде жоктуктун бир адистигинин табылуусун түшүндүрүүчү бир түшүнүктү ачып берет. Андай абалда, ааламдын Теңир болгонунан сырткары, жамандыктын бар экендиги ачыкка чыгат. Бул теория күмөндөрүбүздү ачыктай алса да, чыныгы бар болууга ээ болгон азаптарды ачыктай алабы? Дүйнө жүзүндө жамандыктын чындыгында бар экендигин кабыл кылган учурда, андагы максат же болбосо тартиптен кеп кылуу менен Теңирдин бар экендигин ортого койгон талашып тартышуунун күчү кандай абалда болот? Атеист үчүн жамандык проблемасы деген нерсе жок. Ал дүйнөдөгү жамандыктардан бар болгондугуна ишенбеген Теңирди да суракка албайт. Себеби Теңир деген нерсе жок.

**Онтологиялык далил (Илимий)**

Бул далил XI кылымда Азиз Анселмус тарабынан ортого коюлуп, ал бешинчи ойлонууда Декарт тарабынан кайрадан колго алынган. Анселмус да Декарт далилдери формулалаштырышкан убакта Теңирди «кынтыксыз зат» катары таанытышкан, «бар болууну бир абсалюттук рух катары кабыл кылып жана аны логикалык акыл калчоодо орто термин катары колдонушкан. Анселмус Теңир түшүнүгүнүн өзүнөн Теңирдин бар экендигин ортого коюда. Себеби, биз кынтыксыз бар болуу пикирине ээбиз. Бул бар болуу, эгерде бар болбогондо кынтыксыз болбойт эле. Андай болсо бар болуп саналат. Бизде ээ болгон бир абсалюттук бар болуу пикири бар. Бар болуу бул эң

соонун нерселердин бири. Андай болсо, анын бар болуусу керек.

Азиз Анселмустун талаш-тартышуусу Томас тарабынан изилденген. Ал муну айтат: Бул пикирден бар болуугa, оңой түшүнүктөн чыныгы бар болуугa өтүү мүмкүн эмес. Бул, туура келбеген формадагы логикадан онтологияга өтүү болуп саналат. Мисалы: Акылыңызда, бактылуу адамдардын жашаган аймактарын элестетүүгө болот.Акыл эстин кыялдануу жөндөмү, өзүнүн каражатын чындыкта бар болуусун талап кылбайт. Төрт тарабы төп келүү деген пикир, башкалары сыяктуу пикир эмес. Ал мүмкүн болгон бүтүндөй нерселерге бар болуу түшүнүгүнө ээ бар болуу менен байланышкан пикир болуп саналат. Төрт тарабы төп келүү пикиринин төп келүүнүн бар болуу пикирин камтыганын кабыл кылуубуз керек. Бирок, бул акылды иштетүү пикирлерлин айланасынан чыгарбай жана ошондой эле төп келүү түшүнүк Теңирдин бар экендигин далилдебейт.

Кант, Практикалык аң- сезимдин критикасы эмгегинде Декарттын изилдөөсүнө, башкача айтканда онтологиялык далилине окшош бир изилдөө жасаган. Анын көз- карашы боюнча бар болуу, бир төп келүү, абсалюттук түшүнүк, заттын башка бир бутактары сыяктуу, бир убакта эмес. Акылыбызда болгон жүз доллар түшүнүгү менен капчыгыбызда болгон чыныгы жүз доллар түшүнүгүнүн ортосунда эсеби жагынан эч кандай айырмасы жок. Бир гана айырмачылык, биринчи абалда бул жүз доллар чындыгында болгондугу, ал эми экинчи абалда болсо бар болуусу жана ошондой эле бар болуу таанытылган бир түшүнүктөн чыгарылган бир нерсе эмес. Бар болуу сапталган, өзү менен өзү маңдай келген нерсе болуп саналат. «Бул олтургуч бар» деген учурда бар болуу окуясы олтургуч таңуулоодон алыс кетпейт. Бар болуу, түшүнүккө өзүнүн чын экендигин

кошумчалайт. Канттын көз карашы боюнча бар болуу окуясы эч бир убакта аналитика эмес, ар дайым сентетика болуп саналат[4].

Канттын изилдөсү Декарттын далилине каршы кескин бир жыйынтыкты көрсөтөбү? Декарт, абсалюттук бар болуунун таанылуусунан анын бар болгондугун чыгаруу менен, өзүнүн ойлонуусунда аша чапкан чексиз бир бар болуунун абстрактуу субъектүүлүктү эмес. Ал өзүнөн оюнда чексиз бар болууга ачылыш жасоодо. Мындай формада сунушталган учурда далил, бекемдүүлүгүнүн бир бөлүгүн жоготууда. Себеби, аң сезимде аны менен карама- каршылыкта болгон чексиздиктин теисттик бир Теңир катары баалоосу мажбур түрдө эмес өңдөнөт.

## Ар түрдүү Кудай түшүнүктөрү

Философия жана теология чыгармаларында орун алган белгилүү негизги Теңир кыялдануулары төмөнкүлөр:

1. Башы чексиз башкача айтканда алгачсыз болгон жана бир гана өзүн билген бар болуу (Деизм) Аристотелдин Теңир түшүнүгү.
2. Башталышы жок чексиз ааламды билген жана аны жоктон жараткан, жашоо берген, эркиндик ээси,абсалюттук болгон бар болуу (Теизм)
3. Башталышы жок ааламды билген жана аалам менен бир болуп эсептелген апсалюттук (Пантеизм)
4. Башталышы болбогон бар болуу Эманатциянын бир түрү (Плотинустун бир түшүнүгү сымал)
5. Башталышы болбогон, баардыгын билген, убакыт менен байланышта болгон, бирок аалам менен

---

[4] Immaneuel Kant, *Critique of Pure Reason,* (Ceviri: Aziz Yildirimli), IDEA, Itanbul 1993.

бир болуп эсептелбеген апсалюттук зат (Темпоралист Теизм)

6. Башталышы болбогон, баарын билген, убакыт менен байланышта болгон, бирок аалмдын бир ган бөлүгүн жараткан (Чектөө Пантеизм)

7. Башталышы болбогон ааламды билген аалам менен бир болуп эсептелген абсалюттук бар болуу бирок аалам менен байланыш процесинде өзгөрүп турган (Панантеизм)

Бул жогоруда айтып өткөн ар түрдүү Теңирди сүрөттөөнүн, философиянын маанилүүлүгү жана жайылгандыгын эске алып, төртөөнө токтолуп өтсөк; Теизм, Деизм, Пантеизм жана Панентеизм.

**Теизм**

Еврей, Христиандык жана Ислам теисттик өзгөчөлүккө ээ диндер болуп саналат. Азиз Августин, Азиз Томас, Декарт, Малебранч, Паскал жана замандаш Христиан, Ислам философтору менен бул түшүнүктөр менен беттешүүдөбүз. Паскал философтордун жана билим адамдарынын Теңиринин тушунда диндердин теңири Ибрахим, Исхак жана Якубтун теңирисин сунуштайт. Анын бул карама-каршы коюлушунун негизинде, Теңир түшүнүгүнүн өзү менен байланышта болгон бир карама-каршылыктан көбүрөөк, бул Теңирди билүү, анын бар экендигин тастыктоо каражаттары менен байланышкан бар карама-каршылык сөз болууда. Метафизика Теңирге жетүү үчүн гана акылга кайрылат. Буга жооп иретинде дин өзүн эске алганда, бүтүндөй ыйык баракчалардын адамдарга кабар берип тургандыгына ишенүүгө таянат. Диндин Теңири бардык нерседен мурун, ааламды жоктон жаратуучусу. Ал жаратылган дүйнөгө ашып-ташкан (Мындайча айтканда дүйнөнүн тышында жана үстүндө болуп саналат) ал бар болгон нерсенин булагы,

логикалык чындыктардын, табигый закондордун негизи, ахлактын баалууктарынын эң жогорку булагы жана ишеними болуп саналат. Теңир, жалпылаганда, бир керемет зат, кадыр жана (мүктедир) эң жогорку бар болуу катарында эсептелет.

Бул көз караш ичинде Теңир, эч күмөнсүз ага баш ийүүбүз, бирок өзүн толук түрдө элестете албаган зат. Башкача айтканда, ал адамдын чектүү акылын ашкан чексиз жана сырдуу бар болуу болуп саналат. Бир канча теист философтору Теңирдин бир сыр болгондугуна гана айтып тура берип. Теңирге байланышкан ар түрдүү кыялдануулардын бош жана жалган болгондугун кабыл кылат. Габриел Марсель ушундай дейт: «Теңир жөнүндө кеп кылган учурубузда, кеп кылганыбыз Теңир эмес ». Атеист болгондугун айткандар, бир гана Теңир жөнүндө сабатсыз жана адамдын формалдаштырганын четке кагат..

Теизмди башка ар түрдүү Теңирди чагылдыруулардан айырмалаган эң маанилүү жаратуучу, аалам менен тыгыз байланышта. Теңир менен жаратылган нерселердин арасында онтологиялык сыр түшүнүктө айырмачылык бар. Ал онтологиялык айырмачылыктан алып караганда жараткан нерселеринен көз каранды эмес. Теңир зат менен дүйнөнү толтуруп, сыпаттары менен өзүнө камтыйт. Теңир менен адам баласы тынымсыз бири-бири менен байланышта. Мындайча айтканда, дуба кылган жана дуба кылынган бирөө бар. Теизмдин Теңириси, Деизм сыяктуу дүйнө менен түрдө байланышын үзө албайт. Ошол эле учурда, пантеизм сыяктуу дүйнөнүн өзү эмес. Мунун жанында, тиезмдин Теңири мээримдүү, адилеттүү, билимдүү, кудурет сыпаттарына ээ болгон зат бир гана Теңир.

Бирок, теисттик ишенимдин критикаларына кыскача токтолсок, теистик кудайдын жамандык жана

жакшылык же болбосо ааламды жоктон жаратуусу сымал түшүнүктөрдүн эпистемологиялык чечмеленүүсү ар түрдүү жана бир топ түшүнүксүз сымалдуу сезилет.

**Деизм**

Деизм эки негизги түшүнүктө жол алат. Алгач деизм, ааламга кайрылбаган Теңир түшүнүгүн коргойт, акылга жана билимге таянат жана ишенет. Бул абал, чиркөө жана дин адамдарынын арасындагы айрылуунун натыйжасында билим дүйнөсүнүн ырахатка жана өз эркиндикке жол ачуусунан жана дегеле каада-салтташкан түшүнүк жана жоромолдордун изилдөө мүмкүнчүлүгүн күчтөндүрүү менен булактанат. Экинчи жагынан деизм диний негиздерге кайрылбай туруп, ааламды аныктап берүүгө кадам жасайт. Жада калса, кээ бир теисттер кабарды (вахий) четке кагышып, акылдын Теңирдин бар болгондугун, жакшылыкты жана жамандыкты да биле турган абалда болгондугун, вахийге муктаж болбогондугун чындык катары эсептөөгө умтулат.

Деизмдин негизги мааниси, Теңирдин бүтүндөй жогору экендигиндеги пикирге таянат жана төмөндүүлүктү четке кагат. Деизмдин Теңирди аралаштыруусунун себебинин бири болуп, анын бул жогорку даражалуулукту жана антропоморфизмдин бардык түрлөрүнөн узактоону бекемдейт.

**Деизмге жасалган критикалар**

-Бекем рационализмге таянат. Андай болгону менен акыл факторунун диний маселелерде жетишсиздиги билинүүдө.

- Деизм, диндин сырлар менен капталган жагын изилдөөдө. Илим адамдарынын пикири боюнча мындан качууга зарыл жок.

-Деизм, атеизмге баруучу жолду оңойлоштурууда.

-«Пенсияга айрылган » Теңир түшүнүгү, диний сезимди жана ой толгоону ырахаттандырбоодо.

-Аалам менен байланышы болгон Теңирдин ааламга байланышкан билими, кудурети, жакшылыгы жана башка ушундай сыяктуу сыпаттары боюнча маанилүү суроолор чыгууда.

- Деизм, бар болууда, белгилүү бир өлчөмдө өзүн-өзү белгилөө күчүн көрүүгө жана аламдын Теңирдин таасирлери катарында түшүнүк берүүсүнө карабастан, илахий, диний, ыйыктуулук түпкүлүгүндө бир айырмачылык ортого коё алган эмес.

**Пантеизм**

Пантеисттер ааламдын негизги бирдиктүүлүгүн окуп үйрөтөт. Бирок, алардын көз карашы боюнча Теңирди ааламдын да жаратуучусу эмес, ошол эле учурда андан сырткары, жогору да эмес бирдиктүү.

Теңир аалам менен тең, барабар андан башка эмес. Башкача айтканда, аалам-Теңир, аалам анын сыртында эмес. Пантеизм сөзү этималогиялык жагынан «Баардыгы Теңир» же болбосо «Теңир бүткүл нерсе» дегенди түшүндүрөт. Пантеизмди бүткүл нерселерде, баардык жаныбарларда Теңирлерди көргөн политеизм, фетишизм менен аралаштырбоо зарыл. Дүйнөнүн, ааламдын бар болгон жалгыз нерсе болгондугун айтканыбызда пантеизмдин өзүнө жакындаган болуп эсептелебиз. Бул мааниде пантеизмди, Элалы Пармеднидес да, Стоажыларда көрүүгө болот. Парменидес бар болуу- бар, жок нерсени үзгөндүгүн ойлойт. Анын көз карашы боюнча жок нерсени түшүнүүгө мүмкүн эмес. Стоажылар үчүн болсо бар болгон бир гана дүйнө руху болуп саналат жана ал баардык нерсеге тереңдик менен киришкен.

Теңирдин чексиздигин талашкан пантеисттер. Жаратуучу бир Теңирди кабыл кылууну каалашпайт.

Себеби, эгер Теңир чексиз болсо өзүнүн сыртында аалам жаратпаган болуп саналат. Чексиз болгонго, аны кемчиликсиз изилдөөдө бир нерсе кошууга болбойт. Эгерде, Теңирден башка аалам кошула турган болсо, анда ортодо Теңирден артыкча бир нерсе болот. Бул абалда ал чексиз боло албайт. Теңир өзүнөн башка бир нерсе жараткан болгондо ал убакта бар болгон бардык нерсе, көз карандысыз чексиздик боло албайт эле. Андай болсо аалам Теңирдин ичинде. Анын сыртында эмес. Теңир ааламды камтыйт. Көптөгөн философиялык жана диний салтта пантеисттик ийримдер көргөзүлсө да, Христиан теизми сыяктуу теисттик түшүнүктөр аны атеизмге жакындашты деп коркунучтуу деп эсептешкен.

Стоажылар, Теңирдин бир нерсе, зат болгондугун айтышкан. Бирок, аалам деп айтылган чоң нерсе, кыймыл аракетсиз бир нерседен жасалган эмес. Анын тескерисинче аалам, Теңирдин рухун пайда кылган жандуу нерсе болуп саналат. Теңир, дүйнөнүн бардык нерсенин ичинде болгон акыл болуп саналат. Рухубуздун өзү да Теңирдик бир напсинин бир бөлүгүнөн келген. Бул нерсеге жалпылап салттуу Стоажы пантеизм деп айтууга болот.

Жаңы Платондук философ болгон Платиностун көз карашы боюнча бөлүнгөн конкреттүү жараттыктар Теңирдин жаратуусунун позициясы эмес. Алар көбүрөөк, Теңирдик биримдигине умтулушкандар. Көптүк бирден жаратуунун жыйынтыгы эмес, бирдин убакытты жана планетада өзүнүн ачуусунун, эмонатция жыйынтыгында пайда болгон. Болуу, нерселердин өзгөргөн агымы, эзелки жана түбөлүк бар болууну дагы да төмөнкү даржада бир  формасы болуп саналат.

Өзү бар боло ала турган түшүнүктөгү (субстанция) маанисинен жол алган Спиноза Теңирдин субстанция болгондугуна токтолот. Анын пикири боюнча Теңирден башка бир субстанция жок. Теңир

жана табият деп айтылышы бир нерсени өзгөрбөйт. Себеби Спинозанын көз карашы боюнча табият көз карандысыз өзүнчө бар блүүлардын тобунан майданга келген органикалык түзүлүш эмес, башкача айтканда жалгыз жана бөлүшпөс бир бар болуу, субстанция.

Спинозалык көз караш боюнча абстрактуу нерселердин чындыктарынын бир бөлүгү дидукция жолу менен чексиз-алгачсыз Теңирдик биригүүгө кайра кайрылышат. Түпкү үч бурчтуктун ички градусу жүз сексен градуска тең болуу жыйынтыгына чыгуу сыяктуу, бөлүнгөн нерселер да Теңирдин өзүнөн чыккан таасирлерден келип чыгат. Чектүү бар болуулар Теңирди жаратууларга эмес, анын бөлүктөрү « чексиз уңгунун негиздин чектүү көрүнүштөрү» болуп саналат. Теңир же болбосо табият, биздин ичибизден бир гана эки даанасы, узактык же ойлонууну билгенибиз, чексиз сапатка ээ болгон чексиз негиз болуп саналат. Адамдын руху, чексиз ойлонуунун бир шооласы: денеси болсо, чексиз мейкиндиктин эң кичинекей бөлүгү болуп саналат. Спиноза Теңиринин теизмдин дагы да монотеизмдин Теңириси болбогондугу айкын. Анын Теңири, баардык нерседен мурун бири адам, бири личность же болбосо Исламий жактан айтканда бир зат эмес.

Гегель үчүн Теңир, мурун табиятта уйку абалында болгон, толук кемчиликсиздик жана жаркыроосу менен, бирок акыр аягында өзүн көрсөтүү үчүн акырндап тарыхта майданга чыккан көз карандысыз рух болуп саналат. Өзүнүн ачыктоосу боюнча Теңир эзелтен берилген эмес, ал өзүн адамдык культуранын үрөөнүндө этаптар менен пайда болгон. Мунун негизинде Теңир үчүн эң биринчиде, алдыга умтулууда болгон адам рухунун өзү же болбосо, уккулуктуу айтканда, өнүгүүлөр ичинде, культуранын же болбосо адамдык чыгармачылыктардын өзүнө түздөн-түз таянгандыктары

апсалюттук билүү, идеалдуу чек ара деп айтууга болот. Чектен ашуу, жогорку даражанын салттуу ролун бул жерде келечек өжөрлүк кылууда. Андай болсо чыныгы жогорулоо жокпу? Эки калк, эки маданият чатакташканда, ийгиликке жетишкен калк же болбосо маданият чындыгында рухтун пайда болуу мезгилинен тамсилдейт. Мунун негизинде акыйкат башкача айтканда чындык утуп алган күч менен; баалуулуктар, дүйнөнүн агымы менен бирдей болот. Тарыхтын аягында кээ бир калктарды жоого тартат, кээ бирлерин кечире турган акыркы бир мүмкүнчүлүк күнү болбойт. Теңир, тарыхтын сыртында жана үстүндө болгон, ашып ташкан бир өкүмдар эмес, ал тарыхтын өзү, болумушта чындыкташтырылган нерсе. Дүйнө тарыхы, дүйнөнүнү эң акыркы соту болуп саналат. Муну менен биргеликте, ааламда кыймыл-аракет менен ишке ашырылган нерсе, Теңирдик өзү өзүнөн булактанган нерсе эмес. Себеби, сөздүн чыныгы маанисинде Теңир бар болгон эмес, бар боло турган нерсе болуп саналат.

Гегельдин Теңир түшүнүгү, түрдүү формалар ичинде чоң бир дал келүүсү менен көптөгөн колдоочуларга ээ болгон. Бүтүндөй доорлош өнүгүү философиясы Гегельдин системасынан таасирленген деп айтууга болот.

Пантеизм, Теңирдин бардык нерсени жаратуусунун жада калса анын бүткүл нерсе болгондугун, табияттын да, адамдын да көз карандысыз макулуктар сыяктуу көрүлө билүүсү, алардын бир гана илахий, ыйык бар болуунун ар түрдүү кыялдагы жоромолдоолор  болгондугун алдыгы коёт.

### Пантеизмге болгон критикалар

Пантеизмге, жогорку абсалюттук рух түшүнүктү четке каккандыгы үчүн атеизмге жардамчы болууда.

Пантеизм, Теңир бардык нерсе деп айтуу менен бар болуу категориялардын арасындагы айырмачылыкты жок кылууда, таш менен адамды бирдей кылууда.

Пантеизм, чектүү менен чексиз арасындагы байланышты жакшылап бекемдеп, бирдиктүүлүккө жетүүдө ийгиликтүү боло албаган.

Пантеизм, чектен чыккан кудай түшүнүгү болгондугу үчүн жаратуу пикири жок.

Пантеизм, диний тажрыйбанын түшүнүүсүн болушунча кыйынчылыкка согууда. Эгерде Теңир бир зат болбогон болсо, ибадаттын, дубанын кандай мааниси бар.

Пантеизм, жамандык проблемасын дагы да баш аламан абалга келтирүүдө же жамандыкты бүтүндөй четке кагууда же болбосо жамандык менен жакшылыктын айырмасын төмөнгө түшүрүүдө.

**Панентеизм**

Панентеизм жаңы өнүгүүдө болгон көз караш болуп саналат. Бул көз караштардын жактоочулары болуп Витехед. Анын көз карашы боюнча Теңирдин, ар түрдүү өзгөрүүнүн тышында болгон тарабы жана өзгөргөн агымдын ичинде болгон жана дегеле калыптанууда болгон тарабы бар. Ал булардан экөөнү Теңирдин түпкү себеби же болбосо табияты, экинчиси болсо калыптанган табияты катары аталып келет. Теңир түпкү маңызы менен ааламдагы тартиптин камсыздоочусу, ааламдын түшүнүк маанисине ээ болууда. Эгерде Теңир, бул тарабынан улам гана болгондо, ал аракет жасабаган аракеттендирүүчү, эркин,алгачсыз жана таасирдүү зат болуусу, өзгөчөлүктөрүн коргойт. Бирок, толук мааниде бар болгон боло албайт эле. Теңирдин агым ичинде, феномендүү дүйнөгө болгон тарабы да бар. Бул тарабы

менен ааламда бар болгон баардык нерсе менен байланыш ичинде. Теңир, өзгөрүү жана калыптануу агымынын ичинде болгон.

Бул көз карашты бир башка жактоочусу болгон Харстсон болсо, Теңирдин конкретүү жана абстрактуу бир чагы болгондугун айтат. Абстрактуу чагы менен Теңир, көз карандысыз, таасирленбеген жана өзгөрбөгөн болуп саналат. Себеби панентеизм түшүнүгү теисттик системада ороун алып, бирок системанын кээ бир проблемаларына жооп катарында ортого чыккан. Мисал катарында, жоктон жаратуу, жалгыз жана көптүк,жаратуучунун дүйнө менен байланышы өңдүү маселелер, ошондой эле бул теория толук иштелип бүтө элек болгондугун белгилеп кетишибиз керек.[5]

**Колдонулган адабияттар:**

1.AYDIN, Mehmet, S.., Din felsefesi, 8. Baskı, Çağlayan A. S., Izmır 1996.S.177-198.

2.AYDIN, Mehmet S., Alemden Allaha, Ufuk Kitapları:1, Isnanbul,2000. S.,90-95.

3.ARSLAN,Ahmet, Felsefeye Giriş, 4. Baski, Vadi Yayinlari, Ankara, 2006. S.,221-239.

4.GÜRSOY, Kenan, J. P .Sartre Ateizimin Doğurduğu Problemler, Akçağ Basım Yayın pazarlama A .Ş .,Ankara ,1991.

5.HICK,John,Faith and Knovledge, Sekond Edition,Cornel University Pres, New York,1996.

6.HUME,DAVID, Din Üstüne, Mete Tuncay,Imge yay., 3. baskı, Istanbul,1995.

7.J. HICK Philosophia Of Religion, New Jersey 1973, 2 edt..p 54 -57

[5] Бог присутствует во всех вещах, включает в себя Вселенную, но также находится вне её. Некий аспект Бога является трансцендентным по отношению к окружающему миру. В панентеизме Божественное рассматривается одновременно как трансцендентное и имманентное

8.H.HOKELEKLI Din Psikolojoisi, T.D.V Yayınları, Ankara, 2001 s.131-140